**УДК 81.367.633**

***Жолдошалиева А. Б.*** - *д.м.а.*

## *Предлогдордун сүйлөмдөгү мааниси*

Англис тили сабагында студенттердин оозеки сүйлөө кебин өнүктүрүүдө бир топ иш аракеттер аткарылат: жаңы сөздөр менен сүйлөм түзүү, суроолуу жана жай сүйлөмдөрдү бир тилден экинчи тилге которуу, кыска баяндама жана диалогдорду түзүү. Ал иштерди аткарып жатып, студент - үйрөнүүчү сүйлөм түзүүдө сүйлөм түзүлүшүн чаташтырып алуусу демейки көрүнүш болуп саналат. Ошондуктан, англис тилиндеги жана кыргыз тилинде сүйлөм түзүлүшүн так жана даана түшүндүрүү негизги иш аракеттердин бири. Англис тилиндеги сүйлөмдө сүйлөмдүн ээси биринчи орунда болсо, баяндооч экинчи орунда болуп, калган сүйлөм мүчөлөрү катары менен орун алат. Ал эми кыргыз тилинде сүйлөм ээси сүйлөмдүн башынан орун алганы менен, баяндооч сүйлөмдүн аягында келет.
Мисалы: *Мен сабактан кийин китепканага барам - I go to the library after the lesson.*

Буга окшогон түшүнбөстүк сүйлөп жаткан учурда предлогдордун колдонулбай калышынан да болот. Себеби, кыргыз тилинде предлог деген сөз түркүмү жок. Ал эми англис тилинде предлогдор атооч, ат атооч, сан атооч жана герундийдин сүйлөмдөгү башка сөздөр менен болгон байланыш мамилесин көргөзөт. Кыргыз тилинде предлог жөндөмө мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу берилет. Демек, предлог орус тилинде бар жана кыргыз тилинде жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүнүн кызматын гана аткарат. Предлогдор жөнөкөй, татаал жана курама болуп бөлүнүшөт. Жөнөкөй предлог бир уңгудан турган, курама бөлүктөргө бөлүнбөгөн предлогдор аталат. Алар: in, on, at, to, for, by, with, from, out, of. Татаал предлогдор сөз бирикмелеринен пайда болгондор: inside, outside, throughout, upon, into ж.б. Курама предлогдор жөнөкөй предлогдордун же байламталардын зат атооч, сын атооч, тактооч бирикмесинен түзүлөт. Ошентип, алардын бирикмеси бир маанини түшүндүрөт: because of - үчүн , instead of - ордуна , as far as - чейин, in spite of - карабастан, in front of - алдында, opposite to - каршысында, on the top of - төбөсүндө, on the bottom of - түбүндө ж.б.

Предлогдорду өтүп жатып, алардын сөз айкаштары менен жазылышын көрсөтүп кетүү ашыктык кылбаса керек. Сөз айкаштарын алдын ала жатка билишсе, оозеки сүйлөө кебинде студент жеңилдикти гана сезе алат. Төмөндө бир нече сөз айкаштар берилет:
In the room - бөлмөдө, in the park - паркта, on the table - столдун үстүндө, on a farm-фермада, on page 10 - онунчу бетте, on a window sill - терезенин текчесинде, on the same floor - ошол эле кабатта, put questions on the sentences - сүйлөмдөргө суроо коюу, put the books on the shelf - текчеге китептерди коюу, listen to the lecture - лекцияны угуу, go to the mill - заводго баруу, speak to the teacher - мугалимге суйлөө, come from the plant - заводдон келүү, come from the University - университеттен келүү, take books from the shelf - текчеден китептерди алуу, come into the hall - залга кирүү, put books into the bag - китептерди сумкага салуу, go out of the room - бөлмөдөн чыгып кетүү, look out of the window - терезеден кароо, take books out of the bag - сумкадан китептерди алуу, at the blackboard-досканын жанында, доскада, on the wall- дубалда, at the lesson - сабакта, look at the map - картаны кара, thank for the help - жардамга рахмат айтуу, thank for books - китептер учун рахмат, full of air - аба жетишерлик (толо), fond of reading - окууга кызыгуу, one of you - силердин бириңер, in the middle - ортосунда, in the corner of the room - бөлмөнүн бурчунда, in the wardrobe - шкафта, over the table - столдун төбөсүндө, over the sofa - дивандын

тушунда, busy with drawing - чийме менен алектенүү, write with a pen - ручка менен жазуу, look through the newspapers - гезиттерди карап чыгуу, look through the window - терезе аркылуу кароо ж.б.

Кээ бир сөз айкаштарына предлог коюлбайт: answer the questions, speak English, go home, leave home, play tennis, this time, Sunday morning, next time, come here, examine somebody, make tea, air the room, cook meals, water flowers, rent a room, meet somebody, help somebody, bless somebody, wish somebody ж.б.

Англис тилинде предлогдор ар дайым сөз алдына коюлбастан, алардан кийин да жазылып, кандайдыр бир мааниге ээ болот. Ошентип, кээ бир этиш сөздөр белгилүү бир предлогдорду талап кылып, жөндөмөнүн мүчөсүнүн кызматын аткарып калбастан, башкача бир маанини билдирген этиш сөзүнө айланат:

Come - келүү, жакындап келүү; come at - кимгедир жетүү, кол салуу, come by - жандап өтүү, come from-келүү, кесепетинен болуу, come in - кирүү, come off - алыстоо, come on - пайда болуу, өсүү, come out - чыгуу, come out with - билдирип чыгуу, come to-теңелүү, come up - которулуу, cut at - салып алуу, cut out - кескилөө, cut under - арзан сатуу, cut up - майдалап кесүү, get to - жетип алуу, get on - чыгуу, get off - түшүү, get up - туруу, get under - өчүрүү, get out - чыгуу, look after - кам көрүү, look for - издөө, catch at - кармап калуу, кубануу, catch on - илип алуу, catch up-токтотуу, clear of - бөлүнүү, ачылуу, clear out - тазалоо, clean up - тартипке келтирүү, clean out – таптаза жасоо, make out - түшүнүү, make off - качып кетүү, make up – түзүү, чогултуу.

Lead- жетектөө, lead off- чыгуу, lead out of- баштоо, lead to - алып баруу, lead up to- акырындык менен даярдоо.

Предлогдордун колдонулушу боюнча сөз кылсак, ал зат атооч, ат атооч жана герундийдин алдына коюлат. Эгерде зат атоочтун алдында аныктап турган сөз болсо предлог анын алдына коюлат.

He goes to the University every day. Ал университетке күнүгө барат.

The ceiling of this hall is so high. Залдын төбөсү (потологу) өтө бийик.

What, where, whom деген суроолуу сөздөр менен башталган суроолуу сүйлөмдөрдө предлог сүйлөмдүн аягына коюлат.

Where are you going to? Where are coming from?

What are you looking at? What are you discussing about?

Who are speaking about? Who are you looking for? (whom)

Предлогдор убакыт, аралык, себеп жана максат мамилелерин туюндуруп турушат. Кээ бир предлогдор зат атооч сөздөр менен бирге колдонгондо өзүнүн лексикалык маанисин жоготуп коюшат да, алар кыргыз тилинде төмөндөгүдөй жөндөмө мүчөлөрү менен берилет:

Предлог “of“ кыргыз тилинде илик жөндөмөсүнүн мүчөсү менен берилет.

All students of our faculty were at the youth conference in Osh.

Биздин факультеттин бардык студенттери Ошто жаштар конференциясында болушту.

Предлог “to” барыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү аркылуу берилип, багытты туюндурат.

On Sundays they went to the river. Жекшемби күндөрү алар дайрага барышчу.

Предлог “in, at, on”орунду, убакытты туюндурган кыргыз тилинде жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү менен берилет. Her aunt works at a post office. Анын таэжеси почтодо иштейт. You must go to the hospital at two o'clock. Сен саат экиде ооруканага баруун керек. There some cars on the road. Жолдо бир нече машиналар бар.

Предлог “from” чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү аркылуу берилет.

He said there'd be students and teachers from Moscow University. Ал тиги жакта Москва университетинен студенттер жана окутуучулар болушат деди.

Предлог "for" убакытты - бою, максатты, багытты - барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү аркылуу билдирет.

He lived in America for three years. Ал Америкада үч жылдай жашады. They are going to buy a nice present for their mother. Алар энесине татынакай белек сатып алганы жатышат.

She is ready for the lesson today. Ал бүгүн сабакка даяр.

Кээ бир учурда предлогдордун синонимдешкен учуру кездешет:

She works at school. She works in school.

She went to the stable. She went towards the stable.

There are many cars and buses on the street. There are many cars and buses in the street.

Демек, сүйлөмдө предлог туура коюлбаса, ал сүйлөм так мааниге ээ болбой калары бышык. Айрыкча жаңы үйрөнүүчүлөргө предлогдорду туура колдонууну жана анын сүйлөмдөгү маанисин толук түшүндүрүү керек. Ал үчүн сабакта көнүгүүлөр, тест аткаруу, текстти талдоо, ырларды жатка айтуу, кыска баяндама түзүү, карточка менен иштөө, оюн ойноо сыяктуу иш аракеттерин көбүрөөк аткартуу керек.

Демек, предлог деген теманы өтүүдө жана анын иш жүзүндө колдонулушу жөнүндө окутуп үйрөтүү талапка ылайык болот. Албетте, предлогдун түрлөрүн гана билип чектелбешибиз керек. Предлогду кайсыл тема менен өтүү керек экендиги окутуучуга гана тиешелүү, ошондой болсо да өтүлүүчү теманы атап, анын ыңгайлуу шарты менен ишке аралашы боюнча ой бөлүшүүнү туура таптым.

Предлогду биринчи курстарда "there is…, there are…" конструкциясы менен өтүү менен орун бышыктоочту колдонуп сүйлөм түзүү жеңил жана өтө ыңгайлуу. "There is … (жекелик), there are…( көптүк санда)." Кыргыз тилинде "бар, жүрөт, турат" дегенди билдирип, ал сүйлөмдүн башынан орун алат. Мисал иретинде төмөнкү сүйлөмдөрдү карап көрөлү:

*There is a bright lamp on his table. Столдун үстүндө жарык чырак турат.There are some girls by the window. Терезенин жанында кыздар турушат. There is too little ink in my pen. Менин калем сабымда сыя аябай аз.There is a table in the corner of the room. Бөлмөнүн бурчунда стол бар. There are many students at the lesson. Сабакта көп студенттер отурушат. Are there many flowers in the vase? Вазада гүлдөр көппү? Is there a cat under the bed? Керебеттин астында мышык барбы?*

Предлогдор боюнча жетишерлик маалымат алуу үчүн бир нече мисалдарды көрсөтүп кетели:

"Кайда" деген суроого жооп берүү үчүн "да" деген жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү менен берилген "at"предлогунун катышуусундагы сөз айкаштары:

At a library- китепканада, at a hospital - ооруканада, at an office - кеңседе, at home- үйдө, at school - мектепте, at the theatre - театрда, at the university - университете (буларды үйдөн өз алдынча сүйлөм түзүү үчүн берүүгө болот).

Кошумча иретинде төмөндөгүдөй көнүгүүлөрдү аткартса да болот.

Предлогдорду тандап кой:

1. *We don't go … college… Sundays.*
2. *Come… 10… Friday morning.*
3. *My home is… Kiev but I come… Perkhushkovo, a small village… Moscow.*
4. *Put your books… the table.*
5. *Please come… me… the theatre tonight.*
6. *This is a present… you; don't forget it and go home…it!*

*(To, on, by, on, in, from, in, on, to, for, with)*

"Where" суроосун коюу менен ага жооп берүүнү унутпа:

*Where is Mrs Clerk? She is at home.*

*The doctor/ the hospital; the secretary/ the office; the students/ the university; the teacher/ school; the actress/ the theatre*

Демек, ар бир тилдин грамматикалык өзгөчөлүгүнө таянсак, кыргыз тилинде жөндөмөнүн мүчөлөрүн туура колдонбосо сүйлөмката болгондой эле, англис тилинде да предлогдордун туура коюлушу керек экен деген түшүнүк пайда болду.

***Адабияттар***

1. *З. И. Бурова* Пособие по английскому языку
2. *Т. Турсуналиев* Англис тилинин грамматикасы
3. Louise Matteoni Spring Flight
4. *М. Г.Вавилова* Как общаются англичане